**Биология**

**PISAга багытталган тест**

**8 - класс**

| | |
|---|---|
| **Тапшырма 7/1**<br>*Оң тараптагы текстти окуп чыккыла.*<br>*Берилген маалыматтарга таянып туура жооп бергиле.*<br>**1-суроо:** Эгерде бул бейтааныш аскер адамы донор болуп берсе, анда ага туура келген Ариеттин досунун (реципиенттин) канынын тобу жана резус фактору кандай болушу керек?<br>***Бир нече туура жоопторду тандагыла:***<br>А) AB Rh-<br>Б) B Rh+<br>В) A Rh+<br>Г) B Rh- | **Кан тагдыры**<br><br>Ариет автокырсыктан жабыркаган досуна кан берүүчү-донор издеп чыкты. Алдынан алгачкы кабылган аскер адамынын кийиминдеги   жазууну көрүп, жүгүрүп барды да шашкалактап, “Байке, кечиресиз менин досума донор боло аласызбы”-деп сурады. Аскер адамы Ариетти түшүнүү менен карап “Макул, каным туура келсе донор болуп берем ”-деди. |

| | |
|---|---|
| **Тапшырма 7/2**<br>*Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого туура жооп бергиле.*<br>**2-суроо:** Ариеттин досуна дарыгерлер сунуштаган тамак-аштар менен чогуу, бир убакта төмөндөгү азыктардын кайсынысын пайдаланууга болбойт дешти?<br>***Бир гана туура жоопту танда:***<br>А) боор<br>Б) сүт<br>В) кызылча<br>Г) жашыл алма | **Кан тагдыры**<br><br>Ариеттин досу көп өтпөй сакайып чыкты. Дарыгерлер ага канындагы гемоглобинди көтөрүү үчүн ичилүүчү дарыдан сырткары, курамында темир көп кармалган тамак-аштарды да сунушташты. |

| | |
|---|---|
| **Тапшырма 7/3**<br>*Оң тараптагы текстти окуп чыккыла.*<br>*2-тапшырмадагы жообуңарга таянып түшүндүрмө бергиле.*<br>**3-суроо: Эмне себептен бул жоопту тандадың? Себебин түшүндүр:**<br><br>________________________________________<br>________________________________________<br>________________________________________ | **Кан тагдыры**<br><br>Аз кандуулуктун себеби ар түрдүү болушу мүмкүн. Алардын эң көп кездешкени: организмге керектүү болгон заттардын жетишсиз келиши, зат алмашуудагы түрдүү көйгөйлөр болуп саналат. |

**Тапшырма 7/4**

*Оң тараптагы текстти окуп, таблицаны талдап чыккыла. Берилген маалыматтарга таянып жооп бергиле.*

**4-суроо:** Берилген анализдин жыйынтыгындагы көрсөткүчтөрдү жана оорунун белгилерин талдап чыгып, Ариеттин досу кайсы ооруга чалдыкты деп болжолдосок болот?

***Бир гана туура жоопту тандагыла:***

А) каны аздуулук

Б) ак кан

В) кант диабети

Г) каны уюбагандык (гемофилия)

**Кан тагдыры**

Бир нече айда Ариеттин досунун гемоглобини нормага келди. Бирок, ал мурункуга караганда өтө арыктап, оозу кургап, тез эле суусап, бат-баттан заара ушатып, колу-буттарынын манжалары чымырап, көрүүсү начарлап, шайы кетип жүрдү.

Муну байкаган Ариет досун алып барып кандын биохимиялык анализин тапшыртып, жыйынтыгы чыкты.

| Көрсөткүчтөр | жыйынтыгы | норма |
|---|---|---|
| Жалпы белок, г/л | 74,3 | 66,0-83,0 |
| Билирубин, мкмоль/л | 14,5 | 5,0-21,0 |
| Мочевина, ммоль/л | 6,3 | 2,5-6,4 |
| Глюкоза, ммоль/л | 8,6 | 3,5-6,1 |
| Калий, ммоль/л | 4,7 | 3,4-5,3 |

| **Тапшырма 7/5** | **Кан тагдыры** |
|---|---|
| *Оң тараптагы текстти окуп, таблицаны талдап чыккыла. Берилген маалыматтарга таянып жооп бергиле.*<br>**5-суроо:** Сунушталган пациенттердин (1-4) кан анализдеринин ичинен кайсынысы Ариеттики?<br>***Бир гана туура жоопту тандагыла:***<br>А) 1<br>Б) 2<br>В) 3<br>Г) 4 | Кандагы өзгөрүүлөр көпчүлүк учурда бүтүндөй организмдеги жүрүүчү процесстерди чагылдырып турат. Андыктан Ариет өзүнүн бир аз алсырап, тердеп, демигип жана анча чоң эмес физикалык жумуштан бат чарчап, көбүрөөк башы айланып, өңү кубарып калгандыгын байкап, ал дагы досу менен барганда жалпы кандын анализин тапшырды.<br>Төмөндө төрт пациенттин (1-4) канынын анализдери келтирилген: |

| | |
|---|---|
| **1.** Эритроциттердин саны | Норма |
| Лейкоциттердин саны | Көп |
| Тромбоциттедин саны | Норма |

| | |
|---|---|
| **2.** Эритроциттердин саны | аз |
| Лейкоциттердин саны | Норма |
| Тромбоциттердин саны | Норма |
| **3.** Эритроциттердин саны | Норма |
| Лейкоциттердин саны | Төмөн |
| Тромбоциттердин саны | норма |
| **4.** Эритроциттердин саны | Норма |
| Лейкоциттердин саны | Норма |
| Тромбоциттердин саны | Төмөн |